## О.Текеев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин социалдык педагогунун жылдык анализи

Орозалы Текеев орто мектебинде 20 мугалим эмгектенет.Анын ичинен 4 мугалим пенсия жашында,1 мугалим сентябрь айынан баштап даярдоо класссына кабыл алынды,1 мугалим атайын орто билимдүү,ал эми калган мугалимдердин бардыгы жогорку билимдүү.1-жарым жылдыктын аягында бир мугалим декреттик отпускага чыкты.Мугалимдер арасында тренингдер,семинарлар өтүлүп,жаңы методикалар мугалимдер арасында жайылтылып турат.Мындан тышкары мугалимдер район ичинде өткөн семинарларга жиберилип турат.Башталгыч класстын мугалимдери эки жылдан бери “Керемет окуу” долбоору боюнча ай сайын стратегиялар боюнча ачык байкоо сабагын өтүп,жума сайын ишемби куну онлайн сабакка катышып,окуп жатышат.

Ар бир жуманын 1-күнү мугалимдер жыйналышы болуп,аткарылган иштер боюнча жана кийинки жумага пландар кабыл алынып турат.Кыргыз тили жана адабияты сабагынан “Тил жумалыгы”, “Манас таануу” ж.б.у сыяктуу декадалар өтүлдү.Мугалимдер үчүн компьютерлер иштейт.Сабакты көрсөтмөлүү кылып , ТСО,интерактивдүү доска жана проекторлорду колдонууга болот.Чейрек сайын административдик текшерүү иштер,жат жазуулар,тесттер алып турат.

2021-2022-окуу жылынын башталышында окуучулардын контингенти такталды.Жалпы башталгыч класста 22 окуучу,1-класста 23 окуучу, 2-класста 23 окуучу, 3-класста 23 окуучу, 4-класста 12 окуучу, 5-класста 13 окуучу,6-класста 18 окуучу, 7-класста 13 окуучу, 8-класста 17 окуучу, 9-класста 17 окуучу,10-класста 18 окуучу, 11-класста 12 окуучу баардыгы болуп 211 окуучу такталган.Ошондой эле мектепке тартылбаган окуучу жок.

1-класска келген окуучулар мектепте жаңы мугалимине көнүп келе жатышат.1-класстар китеп,дептеринин ичине жазып окугандыктан жана башка керектүү кагаздар ата-энелер тарабынан сатылып берилди.Окуу куралдары толук келишти.Ошондой эле 5-класстын окуучулары предметтик мугалимдерге адаптация болуп келе жатышат.Класс жетекчиси кыргыз тили жана адабияты мугалими Бектенова Шайыр.

ИДН кызматкери Түркбаев Ү.Р менен биргеликте 6-11 класстар арасында кылмыштуулуктун алдын алуу,салык салуу,зордук-зомбулуктун алдын алуу,жолдо жүрүү эрежелери жана ошондой эле кечки убакта көчөгө чыгуусун көзөмөлдөө боюнча иш-чаралар талкууланды.Жума сайын кыздар жана балдар кеңеши өтүлүп,кыздардын жүрүш-турушу,балдардын тартиби,сабак калтыруу,сабакка кечигүүлөр боюнча иштер жүргүзүлүп жогоруда айтылгандай түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

"Тамеки ден-соолукка зыян", "Насвай", "Спирт ичимдиктери" темаларында жогорку класстарда тарбиялык сааттар өтүлүп,мектеп ичинде түшүндүрүү иштери,насвайдын,тамекинин зыяндуулугу боюнча кинотасмалар көрсөтүлдү.

"Балдардын укугу тууралуу Конвенция" боюнча класстык сааттар өтүлдү.Мында балдардын укугу тууралуу түшүнүк берилди.ИДН жана администрация тарабынан "Өспүрүм" рейддери жүргүзүлүп турду.Башталгыч класстарда жолдо жүрүүнүн эрежелеринин жумалыгы өткөрүлүп,ачык класстык сааттар өтүлдү.Башталгыч класста "Атам,апам жана мен",1-класста "Жолдо сак бол,эрежеге так бол", 2-класста "Бейтааныш адамдардан сак бол", "3-класста "Техникалык коопсуздук эрежелери", 4-класста "Кылмыштуулуктун алдын алуу" боюнча тарбиялык ачык сааттар өтүлдү.

Ата-энелер чогулушу өткөрүлдү:

Каралуучу маселелер:

1-окуучулардын формасы,тартиби,милдеттери.

1-чейректин жыйынтыгы.

Ысык тамак боюнча маселелер ж.б

Окуучулардын формасы,окуу куралдары,тартиби тууралуу айтылып,талап кылынды.1-чейректин жыйынтыгы айтылды.Ысык тамакка бардык 1-4-класска чейин ата-энелер макулдугун беришип,эртерээк болсо болот эле деген сунуштар айтылды.Андан кийин ата-энелер класс боюнча бөлүнүп андан ары класстарда сүйлөшүүлөрдү улантышты.Анда мектепте окуучулардын билим сапатын өсүшүшө ата-энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болуусу түздөн-түз таасирин тийгизери айтылды.Ошондой эле мектептин жетишкендиктери жана мектеп кайсы жагынан начар болуп жаткандыгы айтылды.

Акы төлөнүүч ийримдер “Чебер колдор”  1-3-5 күндөрү жумасына 3 жолу өтүлөт. Ал эми “Каратэ До” 1-3 күндөрү жумасына 2 жолу өтүлөт. Окуучулар кызыгуу менен келишет.

Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча ИДН кызматкерлери Түркбаев Ү.Р, Асеев А.Б, Калгожоев А.Д, Карасартова А, Айтиева А, Морис у А жана РОО адиси Тыныбек к Н, балдарды жана уй-бүлөнү коргоонун адиси Кадырбек к Чолпон келип мектепке 6-11-класстарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүп кетишти.Окуучулар өз милдеттерин билиши керектиги камтылды.

Каралуучу маселелер:

1. Эрте турмуш куруунун алдын алуу
2. Окуучунун милдеттери
3. Зордук-зомбулуктун алдын алуу
4. 111 балдар учун ишеним телефону.

Хиджап кийген окуучулар менен аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү.Сурамжылоодо окуучулар өз каалоолору менен кийишкен. Ата-энелери жана туугандары тарабынан мажбур болгон эмес.Ошону менен бирге үстү ак,асты кара болуусу эскертилди.

14-ноябрда ЖЖӨИ кызматкери  түркбаев Ү.Р. мектептин соц педагогу Туйтеева А,Э, менен биргеликте 9-11 класстар арасында “Суицид”, “Ала качуу-кылмыш”, “Зордук зомбулуктун” алдын алуу темаларында лекция өттү.

“Мугалимди сыйлоо-мугалим менин энем” (дилбаян 1-11 класстар)

Мугалимдер алмашып башталгыч класстын мугалимдери жогорку класстын окуучуларынан, ал эми жогорку класстын мугалимдери башталгыч класстын окуучуларынан сурамжылоо жүргүзүштү.

“Мугалимдин мага кылган мамилеси” (аңгеме, анонимдүү анкета 1-11 класстар) Окуучулардан анкеталар алынды. Окуучулар өз ойлорун тартынбастан жазып беришти.Буга чейин да мындай анкеталар жүргүзүлүп келген.Бардык окуучулар жоопкерчилик жана тушүнүү менен жооп беришкен.Суроолорго одоно жооп берген окуучулар болгон эмес.

ФАП кызматкерлери менен жогорку класстын окуучулары “Өздүк гигиена” темасында маектешүү өтүлдү.

1-декабрь “Биз СПИД оорусуна каршыбыз!” бир айлык жарыяланып иш чаралар болуп өтүлдү:ар бир жогорку класстар дубал газеталарын чыгарышып мектепке бекитилген дарыгердин жардамы менен тегерек стол өтүлдү.

"Депрессиядан чыгуу жолдору" деген темасында жогорку класстарынын арасында тегерек стол өтүлүп анкета-тест алынды,дубал газеталар чыгарылды жана дил баяндар жазылды;

ЖИИ менен бирдикте "Мектеп рэкетине жол жок!" темасында тегерек сто өтүлдү.Башталгыч класстардын окуучулары рэкет жөнүндө инсцинровкаларды коюп беришти,ар кандай суроолор берилип кызыктуу өтүлдү.Аягында видео роликтер көрсөтүлдү;

Сабактан артта калган окуучулар менен ИДН кызматкери жана мектептин социалдык кызматкери болуп,үйлөрүн кыдырып  көйгөйлөрдүн негизинде мигранттардын үй-бүлөлөрүнө жана башка көйгөй жараткан окуучулардын үйлөрүнө рейд кылынды.Мигрант балдар 23 үй-бүлө аныкталып,тизмелери такталды.

"Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук" деген темада ачык тарбиялык саат өтүлдү.Бул сабакта ата-энелер өтө активдүүлүгүн көргөзүп,көп пайдалуу нерселерди алгандыгын айтышты.

Ошондой эле май айында бүтүрүүчү класстар менен кесип тандоосуна багыт берүү максатында жолугушуу болуп,ар кандай ойлор,максаттар,пландар талкууланды.

Эл аралык балдарды коргоо күнүнө карата "Жер планетасынын балдарына тынчтык "деген темада иш алып барылды.Окуучуларга каникул учурунда коопсуздук эрежелерин сактап,өзүңөргө сак болууну эскертип жайкы каникулга таратылды.

Соц.педагог: Туйтеева А.Э